2-тиркеме

Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим
министрлиги

2020-ж."____"__________ №_____

Кыргыз Республикасынын
Саламаттык сактоо
министрлиги

2020-ж."____"__________ №______

# 2020-2021-окуу жылында Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында пандемия шарттарында окуу-тарбиялоо процессин уюштуруу боюнча Нускама

## Глоссарий

**«Жашыл зона»** - таза зона/ инфекция коркунучу аз аймак
**«Кызыл зона»** - жугуштуу оору коркунучу жогору аймак
**ИКК**- идивидуалдуу коргонуу каражаттары
**ҮМБ** - Үй-бүлөлүк медицина борбору
**ҮДТ** – Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу
**ПТР** - Полимераздык тутач реакция
**ОААжМСЭК** – Ооруларды алдын алуу жана Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл
**ДПМ**–дарылоочу-профилактикалык уюмдар
**Сигматизация** – адамдардын кандайдыр бир категориясын социалдык-психологиялык басмырлоо

**Нускаманын максаты** - COVID-19 пандемиясы учурунда жана андан кийин жалпы билим берүү уюмдарында коопсуз жана жайлуу шарттарды камсыздоо боюнча негизги принциптерди жана практикалык чараларды аныктоо жана төмөнкү милдеттерди чечүүгө көмөк көрсөтүү:

1. COVID-19 пандемиясына байланыштуу карантин учурунда жана карантинден кийин мектептеги инфекциянын алдын алуу жана инфекциялык көзөмөл принциптерине негизделип, мектептердин коопсуз иштөө шарттарын даярдоо жана камсыздоо;
2. COVID-19 пандемиясы учурунда окутуу программаларын ишке ашырууда мектеп окуучуларынын жана кызматкерлердин коопсуздугун камсыздоочу жана ден соолугун коргоочу конкреттүү чаралардын жана процедуралардын тизмесинин аткарылышын камсыздоо;

Сканировано с CamScanner

3. Окуу процессин жаңы шарттарга жана талаптарга ыңгайлаштыруу жана окуучулардын жана кызматкерлердин эпидемиологиялык коопсуздугуна байланыштуу маселелерди чечүү.

**Киришүү**

Билим берүү процессиндеги узак мөөнөттүү тыныдмдар окуучулардын окуу жөндөмүнө олуттуу таасир этүүсү мүмкүн. Мектепке барбаган аярлуу категорияга кирген балдар көбүнчө үй-бүлөлүк зомбулукка, балдардын эмгегин эксплуатациялоого жана башка коркунучтарга дуушар болушат.

Мындан тышкары, мектептердин көп убакыт бою жабык турушу негизги мектептик кызмат көрсөтүүлөрдүн ишин бузат:

- мектептик китепкананын иштөөсү,
- кошумча билим берүү системасы,
- мектептик тамактануу,
- психикалык саламаттык жана психологиялык-социалдык колдоо.

Жыйынтыгында жогоруда аталган бардык факторлор билим берүүнүн сапатына олуттуу таасир этиши мүмкүн, ошондой эле курдаштары менен баарлашуу мүмкүн болбогондугуна жана күн тартиби бузулгандыгына байланыштуу стресске жана тынчсызданууга алып келиши мүмкүн.
Бул терс таасирдүү кесепеттер турмуштук оор кырдаалда болгон аярлуу топко кирген балдар үчүн абдан олуттуу болот.

Мектептердин ишин калыбына келтирүү коопсуз жана COVID-19дун алкагында саламаттык сактоонун жалпы чараларына ылайык келиши керек, ошол эле учурда окуучулардын, персоналдын, мугалимдердин жана алардын үй-бүлөлөрүнүн коопсуздугун камсыздоо жана ден соолугун коргоо боюнча бардык чаралар көрүлүүгө тийиш.

Мектеп шарттарында COVID-19дун потенциалдуу жайылуусун алдын алуу үчүн балдарды коргоо өзгөчө маанилүү. Вирустун таасирине кабылышы мүмкүн болгон окуучуларды жана кызматкерлерди өз убагында аныктоо, обочолонтуу жана стигматизацияны (басмырлоону) алдын алууга даяр болуусун камсыздоо боюнча да чараларды көрүү зарыл. Билим берүү шарттары жайлуу, урматтоочу, инклюзивдүү жана окуу процессинин бардык катышуучуларына колдоо көрсөтө тургандай бойдон калышы керек.

COVID-19 пандемиясына байланыштуу кырдаал балдардын мектепте болуусунун коопсуздугун камсыздоо боюнча чараларды кайрадан карап чыгууга жана иштеп чыгууга, бардык курактагы мектеп окуучуларында келечектеги жашоосу бою оң таасирдүү мааниге ээ болуучу туруктуу гигиеналык көндүмдөрдү калыптандырууга себеп болду.

Сканировано с CamScanner

Карантин (аралыктан билим берүү) аяктагандан кийин мектептердин ишин толугу менен калыбына келтирүү балдарга үзгүлтүксүз билим берүүнүн бирдиктүү системасын калыбына келтирүүнүн маанилүү звеносу болуп саналат.

Мектептердин ишин кантип калыбына келтирүү керек?

Жалпы билим берүү уюмдарында окуу процессин калыбына келтирүүдө алардын даярдыгынын абалын баалоо жана пландоону маалыматтык камсыздоо үчүн алты негизи аспектини колдонуу зарыл:

- ченемдик база,
- каржылоо,
- коопсуз ишмердик,
- окутуу,
- калктын дээрлик аярлуу категориясын камтуу,
- бакубатчылык/коргоо.

Контекстуалдаштыруу жана адаптациялоо жергиликтүү керектөөлөрдү жана шарттарды канааттандыруу үчүн чечүүчү мааниге ээ болот, өзгөчө терс таасирдүү аспекттер болгон учурда: калк жыш отурукташкан райондор, суунун деңгээли төмөн болгон райондор ж.б.

Талдоо пандемияга чейин болгон шарттарды, ресурстар жетишсиз болгон шарттарда болгон чектөөлөрдү таануу менен да, ошондой эле ыкчам ишмердик жана окутуу шарттарын жакшыртуу боюнча учурдагы максаттарды да эске алуу менен жүргүзүлүүгө тийиш.

Таасир этүү чаралары окутуунун натыйжаларын жакшыртуу, билим берүүнүн адилеттүү жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү жана балдарды коргоону, ден соолугун жана коопсуздугун чыңдоо катализатору катары кызмат кылышы керек.

**Окуу процессин калыбынакелтирүүнү уюштуруушарттары боюнча**

Мектептерде окуу процессин калыбына келтирүүнүн убактысы баланын эң жакшы кызыкчылыктарын эске алуу менен аныкталышы керек. Чечимдерди кабыл алуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, ооруларды алдын алуу боюнча территориалдык борборлор жана Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл менен биргеликте эпидемиологиялык кырдаалга жана мектептердин санитардык эрежелерди жана ченемдерди аткара алуу мүмкүнчүлүктөрүнө негизделип ишке ашырылуусу зарыл.

Окуу процессин калыбына келтирүү бардык санитардык ченемдерди жана эрежелерди милдеттүү түрдө сактоо менен ишке ашырылат.

Сканировано с CamScanner

**Мектептин администрациясына төмөнкүлөр зарыл:**

1.Коопсуздук боюнча кеңеш окуучулар жана персонал үчүн жайлуу билим берүү чөйрөсүн сактоо боюнча Координатор болуп дайындалсын (КР БИМдин 2019-жылдын 31-июлундагы № 928/1 буйругу);

Кеңештин курамына мектептин администрациясынын мүчөлөрү, педагогдор, ата-энелер кириши керек.

Коопсуздук боюнча кеңештин ролу мектепте COVID19 жайылышынын тобокелдиктерин баалоо, окуу процессин уюштурууну кайрадан карап чыгуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу, аярлуу топторду аныктоо, билим берүү процессинин бардык катышуучуларына маалымдоо, кошумча каражаттарды тартуу ж.б. болушу мүмкүн.

2. Спецификалык пландарды жана керектүү материалдарды сатып алуу аркылуу мектепте эпидемияга каршы жана санитардык-гигиеналык ченемдерди жана эрежелерди сактоо үчүн, ошондой эле аталган пландардын аткарылышына мониторинг жүргүзүү үчүн бардык шарттарды түзүү. Ошол эле учурда дезинфекциялоочу каражаттар менен камсыздоо маселеси жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен биргеликте чечилет.

3. Аракеттеги санитардык ченемдерге жана эрежелерге ылайык (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 токтому менен бекитилген «Жалпы билим берүүчү мектептердеги шарттарга жана окутууну уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар») мектепте ичүүчү суунун болушун камсыздоо.

4.Үзгүлтүксүз кол жуу графигин иштеп чыгуу, ашканага жана ажатканага кирүүчү жана чыгуучу жерлерде самын жана суу менен кол жуу үчүн жайларды даярдоо жана камсыздоо.

5.Эркек балдар жана кыздар үчүн иштөөчү санитардык түйүндөрдүн болушун, кол жуу үчүн самындын болушун камсыздоо.

6. Окуу кабинеттерин, мектептин жайларын жана санитардык түйүндөрдү тазалоо жана дезинфекциялоо пландарын иштеп чыгуу, аны катуу сактоо жана анын аткарылышына үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү.

7.Социалдык аралыкты камсыздоо максатында мектептеги күн тартибин иштеп чыгуу жана бекитүү (сабактардын, тыныгуулардын, тамактануунун ийкемдүү ырааттамасы):

- кирүүчү/чыгуучу жерлерде окуучулардын топтолуусун болтурбоо үчүн – алардын келүү – кетүү графигин иштеп чыгуу;
- баштапгыч жана орто мектептин окуучуларынын топтолуусун болтурбоо максатында – алар үчүн мектепке кирүүнү/чыгууну өзүнчө уюштуруу, ошондой эле алар үчүн сабактарды ар кандай кабаттарда, рекреацияларда, корпустарда жана башка жайларда уюштуруу;

Сканировано с CamScanner

- окуучулардын жана персоналдын контактсыз саламдашуусун сактоосун камсыздоо;
- сабак учурунда парталарды, столдорду жана башка эмеректи тиешелүү түрдө жайгаштыруу менен туура отургузууну кароо;
- ар бир класс үчүн балдар атайын жабдууларды талап кылган предметтерден тышкары бардык предметтер боюнча сабак өтө турган өзүнчө окуу кабинетин бекитүү;
- массалык иш-чараларды (концерттер, чогулуштар, майрамдоолор ж.б.) өткөрүүгө тыюу салуу.

8.Билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын (администрация, педагогдор, окуучулар, техникалык персонал, ата-энелер) беткап тагынууну сактоосун камсыздоо, ошондой эле аларды беткапты тагынуу жана утилизациялоо эрежелерине үйрөтүү. Медициналык гана беткаптарды колдонуу.

9. Тазалоочу/дезинфекциялоочу каражаттар менен контакт кылуучу техникалык персонал үчүн кошумча ИИКтерди сатып алууну кароо.

10. Вирустун мектепке сырттан кирип кетүүсү жана балдардын/персоналдын жугузуп алуусун алдын алуу максатында «кирүү фильтрлери» практикасын ишке киргизүү зарыл. Журнал түзүп, ага дене температурасы нормалдуу көрсөткүчтөн жогору (37 жана андан жогору температура) болгон балдардын, педагогдордун, административдик жана техникалык персоналдын маалыматтарын киргизүү.

11. Оорунун белгилери болгон окуучуларды/кызматкерлерди окуудан/иштен убактылуу четтетүү менен дароо обочолонтуу боюнча планды иштеп чыгуу. Бардык кызматкерлерге оорунун белгилери болгон учурда жетекчиликке маалымдоо жана ишке чыгуудан өзүн токтотуу зарылдыгы жөнүндө көрсөтмө берилиши керек.

12. Ата-энелердин, аларды алмаштыруучу адамдардын жана башка адамдардын мектепке келүүсүнүн санын чектөө.

13. Айылда/шаарда эпидемиологиялык абал начарлаган учурда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, ооруларды алдын алуунун территориалдык органдары жана Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл менен биргеликте ыкчам тартипте коронавирус инфекциясынын жайылышына жол бербөө боюнча, аралыктан билим берүү формасына өтүүгө чейин чараларды көрүү.

Окуучулар КРВИ, сасык тумоо **(25%га чейинни жана андан жогору)**менен ооруп калса, ооруларды алдын алуунун территориалдык органдары жана Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык козомолдун чечими менен окутууну аралыктан формасына өткөрүү зарыл.

Сканировано с CamScanner

14. Санитардык-гигеналык жана эпидемияга каршы эрежелерди жана ченемдерди сактоо боюнча жалпы персоналды окутууну уюштуруу. Техникалык персонал ага кошумча алдын алуучу дезинфекциялык иш-чараларды откоруунун эрежелерине окутулушу керек.

Кызматкерлерден жана окуучулардан жеке гигиенанын эрежелерин катуу сактоосун талап кылуу (колду тез-тезден жууп туруу, бектаптарды тагынуу ж.б.).

15. Ата-энелерге жана аларды алмаштыруучу адамдарга пандемия учурунда мектептин администрациясы менен ата-энелердин же аларды алмаштыруучу адамдардын ортосунда түзүлгөн келишимдин негизинде окуучуларды окутуунун формасын тандоо укугун берүү.

16. Окутуунун үн эки формасы каралат: реалдуу формада жана телесабактарды жана башка билим берүү ресурстарын пайдалануу менен жалпы билим берүү программаларын оз алдынча оздоштүрүү.

**Ал үчүн томонкүлор зарыл:**

- реалдуу режимде же өз алдынча окуй турган окуучулардын санын тактоо;
- балдарды реалдуу режимде окутуудан ата-энелер баш тарткан учурда мектептин администрациясы менен ата-энелердин ортосунда өз алдынча окутуу жонүндо келишим түзүү;
- Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамынын 27-беренесине ылайык ата-энелердин арасында балдарды окутуу үчүн жоопкеричилик тууралуу түшүндүрмө иштерин жүргүзүү;
- келишимдин шарттарын аткарууга козомол жүргүзүү.

17. Ишке келбей калган персоналдын ордун альтернативдүү алмаштыруу үчүн планды иштеп чыгуу.

18. Календарлык-тематикалык планда мүмкүн болуучу өзгөрүүлөрдү эске алуу менен окуу программасын пландоо, озгочо каникулдарды жана экзамендерди пландоодо.

19. Окуучулардын жана персоналдын келбей калган күндөрүнүн санына байкоо жүргүзүү үчүн мектепке келүү боюнча күн сайын мониторинг жүргүзүү.

20.COVID-19 алдын алуу боюнча окуучуларды/персоналды санитардык агартууну максаттуу түрдө жүргүзүү.

21.Окуучуларга, персоналга жана ата-энелерге психологиялык колдоо көрсөтүү кызматын уюштуруу. Аярлуу топтордогу балдарга колдоо көрсөтүүнү кароо (билим берүүдогү озгочо керектоолору бар балдар, майып балдар).

Сканировано с CamScanner

22. Окуучулар, мугалимдер жана ата-энелер үчүн тиешелүү кызматтардын телефон номерлери менен маалыматтык стендди уюштуруу. Санитардык-гигиеналык режимди сактоо боюнча маалыматтык материалдарды имараттын кабаттарында, окуу кабинеттеринде, ашканада, китепканада ж.б. жайларда жайгаштыруу.

**Төмөнкүлөр болушу керек:**

1.Шашылыш учурлар үчүн санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө жана Кыргыз Республикасынын коомдук саламаттык кызматтары жана территориалдык дарылоо-профилактикалык уюмдары менен кайтарым байланыш жүргүзүү боюнча туруктуу жаңыланып туруучу байланыш маалыматтары:

- оорулар болгон учурлар тууралуу маалымат алуу/берүү;
- COVID-19 бар деп шектелген бейтапты обочолонтуудан кийин инфекция чыккан жерде эпидемияга каршы, дезинфекциялык иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү;
- ооруп калган окуучуларды/кызматкерлерди ооруканага жаткыруу/маалымдоо үчүн (зарыл болгон учурда).

2. Төмөнкүлөр үчүн окуучулардын ата-энелеринин/мыйзамдуу өкүлдөрүнүн байланыш маалыматтары:

- үй-бүлө мүчөсү ооруп калган учурда маалымат алуу;
- окуучулардын/окутуучулардын арасында оорунун белгилери болгондугу жөнүндө аларга маалымдоо;
- окуучулардын/кызматкердердин абалы начарлаган учурда тез жардам кызматын шашылыш чакырууну уюштуруу ж.б.

**Мектептердеги окутуу процессин уюштурууда педагогикалык персоналга төмөнкүлөр зарыл:**

1. Жеке гигиенаны сактоо жана сергек жашоо мүнөзү көндүмдөрүн калыптандыруу боюнча (колду канчалык тез жана туура жууш керек, респиратордук этикетти кантип сактоо керек, дене табын өлчөө, беткапты тагынуу, жайларды желдетүү жана дезинфекциялоо сыяктуу чаралар окуучулардын өзүнүн, ошондой эле мугалимдердин, ата-энелердин жана айланадагы бардык адамдардын ден соолугун сактоого жардам бере тургандыгы тууралуу) тарбиялык иштерди жүргүзүү.
2. Окуучулардын физикалык аралыкты жана жеке гигиенаны сактоо эрежелерин аткаруусуна мониторинг жүргүзүү.

Сканировано с CamScanner

3. Ар бир сабактан кийин, окуучулар болмодо болбогон учурда класстык жайларды өтмө желдетүүнү камсыздоо.
4. Аярлуу топтордон окуучулардын окуудагы боштуктарын аныктоо (билим берүүдөгү өзгөчө керектоолору бар балдар, анын ичинде майып балдар) жана жеке педагогикалык колдоо көрсөтүү.
5. Окуу программаларын өздөштүрүүдө жетишпей жаткан окуучулар үчүн иштөө планын иштеп чыгуу жана бекитүү.
6.Өз алдынчабилим берүү формасында билим алып жаткан окуучулар менен кайтарым байланыш түзүү.
7. Окуучулар үчүн класстык сааттарды жана гигиенаны сактоо боюнча ден соолук мүнөтүн өткөрүү.
Техникалык персоналга төмөнкүлөр зарыл:
1. Уюмдун ачылышына чейин вирустук режим боюнча дезинфекциялоочу каражаттарды колдонуу менен имараттарды генералдык тазалоону жүргүзүү.
2. Нөөмөттөрдүн ортосунда сууну, самынды жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги уруксат берген дезинфекциялоочу каражаттарды колдонуу менен нымдуу тазалоону жүргүзүү.
3. Дезинфекциялоочу эритиндилерди өндүрүүчүнүн нускамасына ылайык маркерленген идиштерде эритиндини даярдоо датасын көрсөтүү менен даярдоо. Дезинфекциялоочу жана жуучу каражаттарды жана алардын колдонулуучу эритиндилерин окуучулар жетпеген жерде сактоо.
4. Танапистер (динамикалык тыныгуулардын) учурунда жана иш күнүнүн аягында имараттарды учурда дезинфекциялоону жүргүзүү (жумушчу орундардын бетин, полду, эшиктин туткаларын, тамак-аш блокторунун имараттарын, эмеректерди, санитардык түйүндөрдү, крандардын вентилдерин, унитаз бочокторунун баскычтарын тазалоо). Дезинфекциялоочу каражаттарды вирустук инфекциялар үчүн өндүрүүчүнүн нускамаларына ылайык концентрацияларда колдонуу.
5. Генералдык тазалоону жумасына бир жолудан кем эмес жүргүзүү.
6. Имараттарды тазалоону терезелерди же форточкаларды ачуу менен жүргүзүү. Көп булгануучу нерселердин бетин (эшиктердин, шкафтардын туткаларын, подоконниктерди, электр өчүргүчторун, катуу эмеректерди ж.б.) жана чаң чогулган жерлерди (плинтустардын жанындагы жана эмеректин астындагы полдорду, радиаторлорду, жарыктандыруучу приборлордун арматурасын, вентиляциялоочу решёткаларды ж.б.) кылдат тазалоо.
7. Ажаткана үчүн тазалоочу инвентарды (ветошту, чакаларды, щёткаларды) ачык түстөгү өң менен маркировкалоо жана атайын шкафта же өзүнчө бөлүнүп берилген жерде сактоо. Бардык тазалоочу инвентарды колдонгондон кийин жуучу каражаттар менен ысык сууда жууп тазалоо жана кургатуу.

Сканировано с CamScanner

**Тамак-аш блогунун кызматкерлерине томонкүлор зарыл:**

1. Тамактануу столдорун жуучу жана дезинфекциялоочу каражаттарды колдонуу менен тазаланоону тамактанганга чейин жана тамактангандан кийин камсыздоо.
2. Ашкана жана тамак-аш идиштерин, ашкана приборлорун ар бир кезектеги колдонуудан кийин дезинфекциялоочу эритиндиге салуу жана андан кийинки жууп тазалоо жана кургатуу жолу менен дезинфекцияланышын камсыздоо, же болбосо температуралык режимди сактоо менен идиш жуучу машиналарда жууп тазалоо.
3. Тамак-аш блогунун персоналынын ишин жеке коргонуу каражаттарын колдонуу менен уюштуруу (беткаптар жана колкаптар).
4. Бир жолу колдонулуучу же индивидуалдуу идишти камсыздоо маселесине, ошондой эле кулерлердин жана дозаторлордун тазаланышына өзгөчө көңүл буруу менен ичүүчү режимди уюштуруу боюнча козомолдү күчотүү.
5. Мектептеги тамактанууну уюштуруу боюнча бардык белгиленген эрежелерди катуу сактоо.

**Медициналык персоналга (медициналык кызматкер болсо) же мектептин Коосуздук боюнча кеңешине ыйгарым укуктарынын алкагындатомонкүлор зарыл:**

1. «Кирүү фильтрин» жүргүзүүго (окуучулардын/персоналдын дене табын олчөө, маалыматтарды атайын журналга каттоо) катышуу. Инфекциялык оорулардын белгилери (дене табынын көтөрүлүшү, респиратордук, ичеги ж.б. оорулар) бар окуучуларды/мектеп персоналын көрсөтүлгөн белгилерди аныктоо учурунан баштап, медициналык тез жардам бригадасы же ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) келгенге чейин дароо обочолонтуу. Журналды ачуу жана ага дене температурасы нормалдуу көрсөткүчтөн жогору (37 жана андан жогору температура) болгон балдардын, педагогдордун, административдик жана техникалык персоналдын маалыматын жазуу.
2. Окуучулардын жана балдар менен күн сайын контактта болуучу кызматкерлердин ден соолугунун абалын көзөмөлдөөнү күчотүү.
3. Окуучулардын жана персоналдын келбей калышына байкоо жүргүзүү үчүн мектепке келүү боюнча мониторинг жүргүзүү.
4. Ичүүчү суунун, самындын, спирт кошулган/антисептикалык каражаттардын, персонал үчүн жеке коргонуу каражаттарынын запасына мониторинг жүргүзүү.
5. Окуу класстарын, суу менен камсыздоо жана санитария объектилерин нымдуу тазалоо жана дезинфекциялоо боюнча графикти иштеп чыгуу жана анын аткарылышын көзөмөлдөо.

Сканировано с CamScanner

6. Окуучулардын/персоналдын колун гигиеналык тазалоо графигин иштеп чыгуу жана анын аткарылышын көзөмөлдөө.
7. Персонал тарабынан индивидуалдуу коргонуу каражаттарын милдеттүү түрдө колдонуу жана аларды тийиштүү түрдө утилизациялоо боюнча көзөмөл жүргүзүү.
8. Физикалык аралыкты сактоо практикасын ишке киргизүүгө көзөмөл жүргүзүү.
9. Мектептин техникалык персоналына дезинфекциялык каражаттарды туура даярдоо жана колдонуу маселеси боюнча көрсөтмө берүү жана көзөмөлдөө.
10. Ооруп калган окуучуларга жана персоналга карата медициналык кызматкер томонкүлөргө милдеттүү:
- дене табы жогору болгон же курч респиратордук вирустук инфекциянын айрым белгилерине ээ (жытты сезбөө, кургак жөтөл, өзүн начар сезүү) бейтап аныкталса, башка окуучулардан өзүнчө бөлүнүп берилген жайга же медициналык бөлмөгө обочолонтууну уюштуруу. Бул учурда мектеп жайгашкан территориалдык ҮМБ/ҮДТга дароо маалымат берүү. ПТРдин жыйынтыгы оң болуп чыкса, медициналык көзөмөлгө алуу жана аралыктан окутуу үчүн класс боюнча контактта болгондорду 14 күнгө обочолонтуу зарыл;
- класстарда беткап тагынуу режиминин сакталышын көзөмөлдөө, жайларды желдетүү жана нымдуу тазалоо;
- ата-энелерге/аларды алмаштырган жактарга жана ОААжМСЭКка маалымат берүү.
11. Медициналык кызматкер администрациянын колдоосу менен окуучуларга/мектеп персоналына санитария жөнүндө маалымат берүү ишине активдүү катышуусу зарыл:
- балдар жана алардын ата-энелери үчүн COVID-19ду алдын алуу чаралары боюнча суроолордун жана жооптордун тизмесин түзүү;
- окуучулар/персонал үчүн физикалык аралыкты сактоо эрежеси, колду жуу эрежеси, респиратордук этикет ж.б. боюнча маалымат берүүчү материалдарды иштеп чыгуу жана жайгаштыруу;
- COVID-19 алдын алуу боюнча окуучуларды/персоналды санитардык агартууну максаттуу түрдө жүргүзүү;
- ден соолугуна байланышкан кандайдыр бир көйгөйлөр жаралса окуучуларга/персоналга колдоо көрсөтүү жана зарылчылык пайда болсо адистерге жиберүү;
-ден соолугунун өзгөчө муктаждыгы бар (майыптуулугу менен ж.б.) балдарга колдоо көрсөтүү.

**Ата-энелерге/ аларды алмаштыруучу адамдарга төмөнкүлөр зарыл:**

Сканировано с CamScanner

1. Вирустарды жокко чыгаруу үчүн столдордун бетин, эшиктин туткаларын, стулдарды, гаджеттерди ж.б. тиричилик тазалоо каражаттарды колдонуу менен тазалоо жана дайыма дезинфекциялоо.
2. Балдарга колду самын менен тез-тез жууну же антисептиктер менен тазалоого үйрөтүү, өзгөчө ажатканага баргандан кийин.
3. Сергек жашоо режимин сактоо, анын ичинде толук кандуу уйку; белокторго, витаминдерге жана минералдык заттарга бай азык-түлүктөрдү колдонуу; физикалык активдүүлүк.
4. Зарылчылыгы жок барып келүүлөрдөн жана көп адам чогулган жерлерге баруудан баш тартуу,ошентип ооруп калуу тобокелдигин төмөндөтүү.
5. Эгерде мүмкүнчүлүк болсо, балдарды мектепке жеке транспорт менен алып баруу жана алып келүү.
6. Ооруп калуу тобокелдигин төмөндөтүү үчүн медициналык беткаптарды колдонуу:
- КРВИ (курч респиратордук вирустук инфекция) менен ооругандардын саны жогорулаган учурда көп адам чогулган жерлерге барууда, коомдук транспортто жүрүүдө;
- курч респиратордук вирустук инфекциясы менен бейтаптарды багууда;
- курч респиратордук вирустук инфекциянын белгилери бар адамдар менен баарлашууда;
- аба-тамчы жолу менен берилген башка инфекцияларга чалдыгуу тоболкелдиги болгон учурда.
7. Жөтөлүп, чүчкүрүп жатканда бир жолу колдонулуучу салфетка менен оозду жана мурунду жабуу, аны колдонгондон кийин дароо ыргытуу.
8. Мектепке барууда бири-биринен 1 метрден кем эмес аралыкты сактоо.
9. Балдарды мүмкүнчүлүккө жараша медициналык беткаптар, антисептиктер, ичүүчү суу, индивидуалдык идиш менен камсыздоо.

**Окуучуларга төмөнкүлөр зарыл:**

1. Достор, классташтар менен баарлашууда 1 метрден кем эмес аралыкты сактоо.
2. Колду самын менен тез-тез жууп туруу же спирт кошулган антисептикти колдонуу.
3. Медициналык беткаптарды колдонуу.

**Беткапты тагынуунун эрежелери:**

Сканировано с CamScanner

Ооруу жугузуп алуудан өзүн коргоо үчүн бетканты туура тагынуу абдан маанилүү:

- беткап жакшы бекитилип, оозду жана мурунду жылчык калтырбастан толук жабышы керек;
- бетканты чечүүдө анын сыртын кармабаганга аракет кылуу, эгерде кол тийип кетсе, колду самын менен же спирт камтыган каражат менен жакшылап жууш керек;
- ным болуп калган бетканты жаңы, кургак беткапка алмаштыруу зарыл;
- бир жолу колдонулуучу бетканты экинчи жолу колдонууга болбойт; бир жолу колдонулуучу бетканты дароо таштандыга ыргытуу керек.

Беткап тагынуу эгерде сиз адамдар көп чогулган жерде, коомдук транспортто болсоңуз, ошондой эле ооруган адамды баккан учурда орундуу, бирок ачык абада максатка ылайыксыз.

Сыртта жүргөн учурда таза аба менен дем алган пайдалуу жана беткап тагынуунун кереги жок.

Аны менен бирге медиктер мындай бир жолку чара ооруудан толугу менен коргонууну камсыздабайт деп эскертишет. Бекапты тагынуудан тышкары башка алдын алуучу чараларды сактоо зарыл.

Окуу процесси учурунда беткап режимин сактоо зарыл!

4. Жөтөлүп же чүчкүрүп жатканда оозду жана мурунду чыканак же бир жолу колдонулуучу салфетка менен жабуу, колдонулган салфетканы таштанды үчүн чакага ыргытуу жана колду таза жуу.
5. Кол менен көздү, мурунду же оозду кармабаганга аракет кылуу.
6. Көп адам чогулган жерлерге баруудан баш тартуу.
7. Ичүү үчүн жеке идишти колдонуу – инфекциялык оорулардын жайылышын болтурбоо үчүн бир жолу колдонулуучу идишти же жеке идишти колдонуу.

**Окуу процессин уюштуруу жана жүргүзүү**

Жалпы билим берүүчү мектептердеги окуу прецессин менчик формасына карабастан, эпидемиологиялык абалды эске алуу менен дифференциациялуужүргүзүү.

Реалдуу режимде окуу процессин жүргүзүү боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл органдарынын уруксаты милдеттүү түрдө болушу керек.

Жеринде эпидемиологиялык абалга жараша, мектептин долбоордук кубаттуулугуна, окуучулардын иш жүзүндөгү санына, окуу класстардын

Сканировано с CamScanner

жана сабак өткөрүү үчүн башка жайлардын санына жараша ар бир мектеп окутуунун сунушталуучу варианттарынын бирин тандайт:

| № | Билим берүү уюмунун тиби | Класстар | Негиздер |
|---|---|---|---|
| 1. | 300 окуучуга чейинки мектептер:<br>- мамлекеттик, муниципалдык жана жеке менчик мектептер,<br>- интернаттык типтеги мекемелер,<br>- адистештирилген мектептер | 1-11-класстар | ЖӨАБ органдары жана территориалдык ОААжМСЭК берген реалдуу режимде окуу процессин калыбына келтирүү жөнүндө чечимдин болуусу (сунуштар менен текшерүү акты) |
| 2. | 300дөн 600 окуучуга чейин мамлекеттик, муниципалдык жана жеке менчик мектептер | **1-этап:**<br>1-6, 9, 11- класстар<br><br>**2-этап:**<br>7, 8, 10- класстар | ЖӨАБ органдары жана территориалдык ОААжМСЭК берген реалдуу режимде окуу процессин калыбына келтирүү жөнүндө чечимдин болуусу (сунуштар менен текшерүү акты) |
| 3. | «Кызыл зонада» жайгашкан мамлекеттик, муниципалдык жана жеке менчик мектептер | 1, 5, 9, 11- класстар | ЖӨАБ органдары жана территориалдык ОААжМСЭК берген реалдуу режимде окуу процессин калыбына келтирүү жөнүндө чечимдин болуусу (сунуштар менен текшерүү акты). ЖӨАБ органдары жана территориалдык ОААжМСЭК менен макулдашуу боюнча администрациянын жана ата-энелердин кароосу мененкласста окуучулардын санын төмөндөтүү жана жыш топтолуусун алдын алуу максатында реалдуу режимде ийкемдүү ырааттама боюнча жана жазуу түрүндө окутуу. |
| 4. | 600дөн ашуун окуучу менен мамлекеттик, муниципалдык жана жеке менчик мектептер | **1-этап:**<br>1, 5, 9, 11- класстар<br><br>**2-этап:**<br>калган класстар ата-энелер, ЖӨАБ, ОААжМСЭК менен макулдашуу боюнча мектептин администрациясын | ЖӨАБ органдары жана территориалдык ОААжМСЭК берген реалдуу режимде окуу процессин калыбына келтирүү жөнүндө чечимдин болуусу (сунуштар менен текшерүү акты), санитардык эрежелерди жана ченемдерди (социалдык аралык) сактоо үчүн мектептин шарттарына жараша. |

Сканировано с CamScanner

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | ын кароосу боюнча | |

Сканировано с CamScanner

**Кыргыз Республикасы**
**Жалал-Абад областы**
**Жалал-Абад шаардык**
**№8 орто мектеби**

**Кыргызская Республика**
**Жалал-Абадская область**
**Жалал-Абадская городская**
**Средняя школа №8**

Буйрук

ПРИКАЗ

“24” 08 2020 № 39

2020-2021-жаңы окуу жылында пандемия шартында билим берүү уюмдарында окуу процессин уюштуруу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 18-июнундагы №475/1 буйругун аткаруу жана 2020-2021-окуу жылында билим берүү уюмдарында окуу процессин уюштурууда өлкөдөгү эпидемиологиялык абалга байланыштуу окуучулардын жана педагогдордун коопсуздугун камсыздоо максатында ШБББнүн 21.08.2020 жылдын №135 буйругун негизинде буйрук кылам

1. 2020-жылдын 1-сентябрынан баштап №8 жалпы орто билим берүүчү мектеби мекемесинин 1-класстын окуучуларына реалдуу убакыт режиминде окутуу жүргүзүлсүн.
2. 2020-жылдын 1 -сентябрынан баштап №8 жалпы орто билим берүүчү мектеби мекемесинин 2-11-класстардын окуучуларын аралыктан окутуу форматында жүргүзүлсүн.
3. 2020-2021-жаңы окуу жылында билим берүү уюмдарында окуу процессин уюштуруу боюнча төмөнкү нускамалар аткарууга алынсын.
   - Короновирус инфекциясы (COVID-19) алдын алуу үчүн Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлиги тарабынан иштелип чыккан нускаманын негизинде билим берүү уюмдарынын жетекчилери, кызматкерлери, мектеп окуучулары, жана ата-энелер үчүн нускамалар (1-тиркеме);
   - 2020-2021- жаны окуу жылында пандемия шартында билим беру уюмдарында окуу процессин уюштуруу боюнча нускама (2-тиркеме);
   - 2020-2021-жаны окуу жылында пандемия шартында билим берүү

Сканировано с CamScanner

уюмдарында 1-класстардын тамагын уюштуруу боюнча нускама (3-тиркеме);

4. Бекитилген нускамаларды педагогдорго, окуучуларга жана алардын ата-энелерине жеткиришсин жана окуу бөлмөлөрүндө ж.б. көрүнүктүү жерлерге илинишин камсыздоо башталгыч классынын завучу М.К. Мамаджановага милдетендирилсин;

5. 2020-2021- окуу жылында видеосабактардын темаларын эске алуу менен календарлык-тематикалык план иштеп чыгып,окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары Д.М. Байкүчүковага календардык пландарын текшерүү милдетендирилсин.

5.1. Билим берүү уюмдарына 1-класстардын окуучуларын реалдуу убакыт режиминде окутуу үчүн

- 2020-жылдын 1 –сентябрында №8 жалпы орто билим берүүчү мектеби мекемесинин 1-класстар бардык санитардык талаптарды сактоо менен Билим күнү уюштурулсун, анын алкагында ийкемдүү графикке ылыйык мектеп боюнча экскурсия, мугалимдер менен таанышуу жана "Сүйүктүү Кыргызстаным" аттуу биринчи сабактардын өткөрүүнү камсыздашсын
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен бирдикте (макулдашуу боюнча) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 11-майындагы №244 токтому менен бекитилген " Короновирустук инфекциясы (COVID -19) жайылышына жол бербөө боюнча санитардык-эпидемиологиялык талаптар " убактылу санитардык-эпидееемиологиялык эрежелерди жана ченемдерди сактоо менен мектептерде коопсуз билим берүү шарттарын (үзгүлдүксүз дезинфукциялоо, санитайзерлерди, жеке коргонуу каражатарын ж.б.) камсыз кылуу боюнча чараларды көрүшсүн
- Ата-энелерге №8 жалпы орто билим берүүчү мектеби мекемесинин жааматы санитардык ченемдерди сактоонун зарылдыгы жөнүндө маалыматтык-түшүндүрүү иштерин туруктуу негизде жүргүзүшсүн.

5.2 1-класстын окучууларына ысык тамак уюштуруда ашканаларды, идиш аяктарды дезинфекциялоого, санитардык талаптарды аткарууга, аралыкты сактоого шартарды түзүү менен ашкана кызматкерлери талапка лайык даярдоо ашпозчу Хамракулов Ахмадилого жоопкерчилик жүктөлсүн.

5.3. №8 жалпы орто билим берүүчү мектеби мекемесинин 2-11-класстардын окуучуларын аралыктан окутуу үчүн.

-2020-жылдын 1-сентябрыда №8 жалпы орто билим берүүчү мектеби мекемесинин 2-11-кластарында "Сүйүктүү Кыргызыстаным" аттуу темада Билим күнүндө аралыктан биринчи сабактарды өткөрүн көзөмөлдөө тарбия иштери боюнча Маман кызы Гүлбарчынга милдеттендирилсин

Сканировано с CamScanner

- Жалпы мектептик билимдин Мамлекеттик билим берүү стандартын аралыктан окутууну уюштуруу класс жетекчилер аркылуу ишке ашырылсын:

- аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдөгү окуучулардын санын аныкташсын жана алардын аралыктан билим алуусуна колдоо көрсөтүү жагы соцпедагог С.Т.Даткаевага милдеттендирилсин.

5.4. Педагогторго сапаттуу аралыктан окуутунун уюштуруу боюнча вебинарларды өткөрүшсүн натыйжалуу жооп кайтаруу, үй тапшырмаларынын көлөмүн жана аларды балоо методдорун аныктоо жагы окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары М.Д.Байкүчүковага милдеттендирилсин.

5.5. Психологиялык кызмат, ''Ыкчам байланыш'' уюштурулсун.

6. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө милдетин өзүмө калтырам.

Мектеп директору: Асанбекова З.Ш.

Сканировано с CamScanner

**Кыргыз Республикасы**
**Жалал-Абад областы**
**Жалал-Абад шаардык**
**№8 орто мектеби**

**Кыргызская Республика**
**Жалал-Абадская область**
**Жалал-Абадская городская**
**Средняя школа №8**

---

Буйрук

ПРИКАЗ

"26" 08 2020 № 40

" Кыргыз Республикасынын Президентинин "2020-жылы Региондорду өнүктүрүү, өлкөнү санариптештүрүү жана балдарды корго жылы" Жарлыгын ишке ашыруу алкагында Кыргызстандын Эгемендүүлүк күнүн жана 1-сентябрь – Билим күнүн майрамдоого арналган " Менин сүйүктүү Кыргызстаным " аттуу республикалык окуучулар арлык онлайн-акциясын өткөрүү жөнүндө "

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 25-августундагы № 679/1 буйругунун негизинде мекенди сүйүүгө жана аны менен сыймактанууга, жарандуулукка жана патриоттуулукка тарбиялоо, Кыргызстандын тарыхын, илимин, маданиятын, салт-санаасын, жаратылышын билүүгө болгон кызыгуусун жогорулатуу, балдардын жана жаштардын интеллектуалдык жөндөмүн, креативдүүлүгүн, социалдык, маалыматтык, илимий-изилдөөчүлүк, экологиялык-туристик, маданий – эстетикалык компетенцияларын өнүктүрүү максатында ШБББнүн 25.08.2020 жылдын №136 буйругун негизинде буйрук кылам

1. 2020-жылдын 27-августунан – 1-сентябрына чейин Кыргызстандын мектептеринин жана мектептен тышкаркы кошумча билим берүү уюмдарынын окуучуларынын арасында " Менин сүйүктүү Кыргызстаным " атуу республикалык окуучулар арасында жарыяланган онлайн-акциясынын жобосуна ылайык мектептин тарбия иштери боюнча орун басары Маман кызы Гүлбарчынга жана соц-педагог Даткаева Сапаргүлгө окуучуларды катыштыруунү камсыздоо жагы милдеттендирилсин (сынактардын жоболору тиркелет).
2. Тарбия жана соц-педагог онлайн тартибинде өткөрүү жана ага катышкан окуучулар жөнүндө маалымдоону ШБББгө тапшырышсын.
3. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

Мектеп директору: Асанбекова З.Ш

Сканировано с CamScanner

**Кыргыз Республикасы**
**Жалал-Абад областы**
**Жалал-Абад шаардык**
**№8 орто мектеби**

**Кыргызская Республика**
**Жалал-Абадская область**
**Жалал-Абадская городская**
**Средняя школа №8**

*Жалал-Абад шары*

*Т. Байзаков көч.40*
*Тел :7-14-84*

*г.Жалал-Абад*

*ул. Т. Байзакова 40*
*тел:7-14-84*

Буйрук

ПРИКАЗ

"01" 09 2020 № 42

**Жалал-Абад шаарындагы №8 жалпы орто билим берүүчү мектебинин алдындагы жаңы 2020-2021-окуу жылдын башталышына карата "Короновирус"илдетин алдын алуу боюнча ыкчам штабын түзүү жөнүндө**

2020-2021-окуу жылында шаардын №8 жалпы орто билим берүүчү мектебинин билим берүү уюмдарында окуу процессин уюштурууда өлкөдөгү эпидемиологиялык абалга байланыштуу окуучулардын жана педагогдордун коопсуздугун камсыздоо максатында ШББнүн 01.09.2020-жылдын №141 буйругунун негизинде буйрук кылам

1. Шаардык билим берүү бөлүмүнүн алдында жаңы 2020-2021-окуу жылынын башталышына карата Короновирус илдетин алдын алуу боюнча ыкчам штаб түзүлсүн жана штабдын курамы ушул буйрук менен бекитилсин. (1-тиркеме)

2.№8 жалпы орто билим берүүчү мектебинин билим берүү бөлүмүнүн алдындагы "Короновирус"илдетин алдын алуу боюнча ыкчам штабына:
-өлкөдө түзүлгөн эпидемиологиялык кырдаалды эске алуу менен жаңы окуу жылынын биринчи чейректеги окуу процессин аралыктан окутууну уюштуруу үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020- жылдын 11-майындагы №244 "Короновирус инфекциясынын"(COVID-19) жайылуу коркунучун азайтуу боюнча кошумча чаралар жөнүндө " токтому менен бекитилген Убактылуу санитардык-эпидемиологиялык эрежелер жана ченемдер "Коронавирус инфекциясынын" (COVID-19) жайлышын алдын алуудагы санитардык-эпидемиологиялык талаптарга ылайык Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим саламаттыкты сактоо министрликтери тарабынан иштелип чыккан нускамага, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020- жылдын 21-августундагы №664/1 буйругуна жана ШБББнүн буйрук №141 01.09.2020-2021-окуу жылында №8 жалпы орто билим берүүчү мектебинин окуу процессин уюштурууда өлкөдөгү эпидемиологиялык абалга байланыштуу окуучулардын жана педагогдордун коопсуздугун камсыздоо тапшырылсын.

Сканировано с CamScanner

3.№8 жалпы орто билим берүүчү мектебинин 1-класстын окуучуларына реалдуу убакыт режиминде окутууну уюштуруу

-2020-жылдын 1- сентябрынан баштап №8 жалпы орто билим берүүчү мектебинин 2-11- класстардын окуучуларын аралыктан окутуу форматында жүргүзүүнү;

- Короновирус инфекциясы (COVID-19) алдын алуу үчүн Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлиги тарабынан иштелип чыккан нускаманын негизинде билим берүүнү уюштуруу боюнча нускама (1-тиркеме)-2020-2021-жаңы окуу жылында пандемия шартында билим берүү уюмдарында класстардын тамагын уюштуруу боюнча нускама (2-тиркеме)-2020-2021-жаңы окуу жылында пандемия шартында №8 жалпы орто билим берүүчү мектебинин 1-класстардын тамагын уюштуруу боюнча нускама (3-тиркеме) аткаруу милдеттендирилсин. Бекитилген нускамаларды мугалимдерге, окуучуларга жана алардын ата-энелерине жеткиришсин жана окуу бөлмөлөрүдө ж.б көрүнүктүү жерлерге илинишин камсыздашсын.
-- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен бирдикте (макулдашуу боюнча) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 11-майындагы №244 токтому менен бекитилген ''Короновирустук инфекциясын (COVID-19) жайылышына жол бербөө боюнча санитардык-эпидемиологиялык талаптар'' убактылуу санитардык-эпидемиологиялык эрежелерди жана ченемдерди сактоо менен мектептерде коопсуз билим берүү шарттарын (үзгүлтүксүз дезинфекциялоо санитайзерлерди жеке коргонуу каражаттарын ж.б.) камсыз кылуу боюнча чараларды көрүшсүн
-ата-энелерге мыйзамдуу өкүлдөргө билим берүү процессинде санитардык ченемдерди сактоонун зарылдыгы жөнүндө маалыматтык-түшүндүрүү иштерин туруктуу негизде жүргүзүшсүн.
-1-класстын окуучуларына ысык тамак уюштурууда ашканаларды, идиш аяктарды дезинфекциялоого, санитардык талаптарды аткарууга, аралыкты сактоого шарттарды уюштуруу аркылуу ишке ашыруусун камсыздашсын
-аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдөгү окуучулардын санын аныкташсын жана алардын аралыктан билим алуусуна колдоо көрсөтүшсүн.
–Психологиялык кызмат ''Ыкчам байланыш'' уюштурулсун.
4. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө милдетин өзүмдө калтырам.

Мектеп директору: Асанбекова З.Ш

Сканировано с CamScanner

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**Жалал-Абад областы**
**Жалал-Абад шаардык**
**№ 8жалпы орто билим**
**берүүчү мектеби мекемеси**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**Жалал-Абадская область**
**Жалал-Абадский гордской**
**Средняя общеобразовательная**
**школа№ 8**

Жалал-Абад шаары
Т. Байзаков к, 40
тел: 7-14-87

г. Жалал-Абад
ул. Т.Байзакова 40
тел: 7-14-87

# Буйрук
# Приказ
## №34

"22" 05 2020-ж

2019-2020-окуу жылын аяктоо жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 21-мартындагы "Кыргыз Республикасында 2020-жылдын 22-мартынан 2020-жылдын 22-апрелине чейин өзгөчө кырдаалды киргизүү" тескемесине , Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 24-мартындагы "COVID-19 коронавирус инфекциясы катталган район шаарларга өзгөчө абал киргизүү жөнүндө " жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылыдн 28-апрелиндеги "Кыргыз Республикасынын Президентинин кээ бир чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" жарлыктарынын негизинде жана Кыргыз Республикасынын бардык типтеги жана менчик түрүндөгү жалпы билим берүү уюмдарына 2019-2020-окуу жылын уюшкандыкта аяктоо , ШБББнүн 2020-жылдын 20-майындагы №81 буйругун аткаруу максатында буйрук кыламын:

1. 2019-2020-окуу жылы 2020-жылдын 30-майында аякталсын.Бул маалымат өз убагында педагогикалык жамаатка жеткирилсин.

2. Эпидемиологиялык кырдаалга байланыштуу , №8 жалпы орто билим берүүчү мектебинин окуучуларынын ( айрыкча бүтүрүүчү 9-11 класстар) өмүрүнүн коопсуздугун сактоо максатында мектепте коомдук эс алуу жайларында жана табиятта салтанаттык иш-чараларды, эс алууну уюштурууга жол бербөө Максатында жалпы мугалимдерге , класс жетекчилерине , окуучуларга жана алардын ата-энелерине түшүндүрүү иштерин алып барылсын.

3. Мектеп окуучуларынан жана алардын ата-энелеринен мыйзамсыз түрдө акча жыйноо жана белектерди алууга, ошондой эле

Сканировано с CamScanner

бүтүрүүчүлөрдүн оюн-зоок жайларында иш- чараларды уюштурууга класс жетекчилерине тыюу салынсын.

4. № 8 орто мектебинде ар кандай иш чараларды өткөрүүгө жана мектеп окуучуларын мектепке чакырууга тыюу салынсын. Бул буйрук тун аткарылышын камсыз кылууга жеке жоопкерчилик окуу бөлүмүнүн башчысы Д.Байкучуковага жүктөлсүн .

5 . Бул буйрукту аткарбаган мугалимдерге карата кызмат орундарынан бошотууга чейинки тартиптик жаза чаралары көрүлсүн.

6. Аталган буйрук менен бардык мугалимдер кол коюу менен таанышышсын.

7 . Ушул буйруктун аткарылышы боюнча ШБББнө 2020-жылдын 22-майына карата кыскача маалымат берилсин.

8. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын.

Мектеп директору : Асанбекова З.Ш.

Сканировано с CamScanner

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
Жалал-Абад областы
Жалал-Абад шаардык
№ 8жалпы орто билим
берүүчү мектеби мекемеси

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
Жалал-Абадская область
Жалал-Абадский городской
Средняя общеобразовательная
школа№ 8

Жалал-Абад шаары
Т. Байзаков к. 40
тел: 7-14-87

г. Жалал-Абад
ул. Т.Байзакова, 40
тел: 7-14-87

# Буйрук
# Приказ № 49

"21" 11 2020-ж

2020-2021-жылында №8 жалпы орто билим берүүчү мектебинин 1-5-9-11-класстарынын окуу процессин уюштуруу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 11-ноябрындагы № 03-2/4940 катына жана Жалал- Абад шаарында коронавирус инфекциясынын жайылышына каршы күрөшүү жана анын кесепеттерин жоюу боюнча шаардык ыкчам штабынын 2020-жылдын 19-ноябрындагы № 31 протоколдук чечимин ылайык ШБББнүн 20-ноябрь 2020-жылдагы № 201 буйругунун негизинде буйрук кылам.

1. 2020-жылдын 23-ноябрынан баштап № 8 жалпы орто билим берүүчү мектебинин 1-5-9-11-класстарынын окуучуларына салттуу режиминде окутуу жүргүзүлсүн. :

- Мугалимдердин, окуучулардын, техкызматкерлердин коопсуздугун камсыздоо жана ден-соолугун коргоо боюнча иш-аракеттерди жүргүзүү жагы мед.айым З.Турсуновага жана завхоз Джумаевге жоопкерчилик жүктөлсүн.
- Пандемия учурунда ар бир окуучунун ата-энеси (же аларды алмаштыруучу жактар) менен окуу процессине байланыштуу түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, келишимдерди түзүү жагы 1-5-9-11-класстарынын класс жетекчилерине милдеттендирилсин.
- Мектеп окуучуларына жол коопсуздук эрежелерин туура сактоо боюнча түшүндүрүү иштерин алып баруу жагы тарбия-иштери боюнча директордун орун басары Маман кызы Гүлбарчынга жана 1-5-9-11-класстарынын класс жетекчилерине жоопкерчилик жүктөлсүн.
- окуу процессининин бардык катышуучуларына маалыматтарды өз убагында жеткирүү чараларды көрүү жагы окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары Д.М.Байкучуковага милдеттендирилсин.
- 1-класстын окуучуларына ысык тамак уюштурууда ашканаларды, идиш аяктарды дезинфекциялоого, санитардык талаптарды аткарууга, аралыкты сактоого шарттарды түзүү жагы башталгыч класстар боюнча директордун орун басары М.К.Мамаджановага жана ашпозчу Хамракулов Ахмадиллога жоопкерчилик жүктөлсүн.
- №8 жалпы орто билим берүүчү мектебинин 0-2-3-4-6-7-8-10 - класстардын окуучуларын аралыктан окутуу үчүн жалпы мектептик билимдин Мамлекеттик билим берүү стандартын аралыктан окутууну уюштуруу жагы окуу тарбия иштери боюнча орун басары Д.М.Байкучуковага жана башталгыч класстар боюнча директордун орун басары М.К.Мамаджановага жоопкерчилик жүктөлсүн.
- психологиялык кызмат, "Ыкчам байланыш" уюштуруу жагы соц.педагог С.Т. Даткаевага милдеттендирилсин.

2. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө милдетин өзүмдө калтырам

Мектеп директору: Асанбекова З.Ш.

Сканировано с CamScanner

**Аралыктан (дистанттык) окутуу мезгилинде ата-энелерге методикалык, психологиялык жардам көрсөтүү боюнча атайын**

# НУСКАМА

УРМАТТУУ АТА-ЭНЕЛЕР!!!

*Балдар мектепте окуганда бардыгы түшүнүктүү эле: балага керектүү окуу каражаттарын, мектеп формасын алып берип, өз убагында сабагына барып келчү. Үйдө ата-энелер үй тапшырмасын аткарганын гана көзөмөлдөп келген. Бүгүнкү кырдаалда пандемияга байланыштуу аралыктан окутуу процесси бардыгыбызга жаңы нерсе болду. Дистанттык окутууда ата-энелердин ролу чоң. Быйылкы жаңы окуу жылынын биринчи чейреги да аралыктан окутуу ыкмасы менен жүрүүсү мүмкүндүгүнө байланыштуу, Сиздерге окуучулардын билим алуусун уюштуруу үчүн төмөнкүлөрдү сунуштайбыз:*

